Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
Жалал-Абад Мамлекеттик Университети
Кочкор-Ата колледжи

| | |
|---|---|
| МАКУЛДАШЫЛДЫ | БЕКИТЕМ |
| ОУК № 1 токтому | Кочкор-Ата колледжинин |
| КАКтын усулдук и.б. | окуу иштери боюнча |
| инспектору | директорунун орун басары |
| Джумабаева Э. А. | Сатымкулова Ф.А. |
| «02» 09 2022ж | 05 » 09 2022 ж |

# СИЛЛАБУС

Эне тилин окутуунун усулу
(окуу дисциплинасынын аталышы)

Негизги билим берүү программасынын деңгээли орто кесиптик
(адистиги)

Даярдоо багыты/адистиги Баштапкы класстарда окутуу
(багыттын (адистиктин) толук аталышы, номуру, деңгээли)

Профили ______
(Кесиптик билим берүү программасындагы профилин (адистигинин)аталышы)

Окутуунун формасы күндүзгү
(күндүзгү, сырттан)

Бөлүм жалпы
(факультеттин толук жана кыскартылган аталышы)

Окуу планы боюнча жалпы сааты: 216 саат. Анын ичинде: ауд: 108

- лекциялык 44
- семинардык ______
- практикалык 64
- лабораториялык ______
- өз алдынча иштер 108

модулдун саны : 2

Сынак ✓ (семестр) өтүм ______ (семестр) Курстук иштер ______ (семестр)

Силлабус Баштапкы класстарда окутуу багыты (адистиги) боюнча жогорку (орто)кесиптик билим берүүчү мамлекеттик стандарттын (ЖКББ МС) талаптарына ылайык түзүлдү.

Иштеп чыккан окутуучу (кызматы, кафедрасы) [кол тамга] (кол тамга) Эргешова О. К. (аты-жөнү)

Окутуучу жөнүндө маалымат:

Моб.телефон: 0772 867069

Электрондук дареги: oksanaergesova@gmail.com

Сабак өтүүчү күндөрү, убактысы: дүйшөмбү 3-пара шейшемби 2-пара шаршемби — 2, 4-пара, бейшемби-3

Силлабус бөлүмдүн жыйынында жактырылды

Протокол № 2 " 12 " 09 2022 ж.

[кол тамга] Кадырбаева В.А.
(Бөлүм баш.кол.тамгасы) (Бөлүм баш. аты-жөнү)

**1.2. Дисциплинанын пререквизити жана постреквизити**

**Дисциплинанын пререквизити**

«Эне тилин окутуунун методикасы» дисциплинасын окутууда «Адистикке киришүү», педагогика, психология, философия, тарых, табият таануу, адабият таануу, тил илиминен алган түшүнүктөрү предметтин маңызын түшүнүүгө негиз болот. Ошондой эле студенттин өзүнүн жеке тажрыйбасы да орчундуу орунду ээлейт. Мектептеги алынган социалдык билимдер, көндүмдөр предметти түшүнүүгө жана профессионалдык даярдыкты көрүүгө база болот.

**Дисциплинанын постреквизити**

«Эне тилин окутуунун методикасы» дисциплинасы башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоодо педагогикалык, методикалык, адистик багытта негизги предмет болуп эсептелинет. Башталгыч класстардын мугалимдери адистигинин окуу планында жалпы профессионалдык циклиндеги колледждин компонентине жана тандоо курсуна ылайык «Эне тилин окутуунун методикасы» дисциплинасы жана «Математиканын окутуунун методикасы», «Дене тарбияны окутуу методикасы», «Көркөм өнөрдү окутуунун методикасы», ж.б. предметтер методиканын негизи болуп саналат. Бул предметтерден алынган билимдер, билгичтиктер, жана көндүмдөр башталгыч класстардын мугалимдеринин адистик, предметтик-атайын компетенттүүлүгүнө айланат.

**1.3. Дисциплинаны окутуудагы талаптар.**

**Студенттер дисциплинаны өздөштүрүүдө билүүсү керек:**

- башталгыч класс окуучуларынын окуу жана тарбия, таанып-билүү процесстеринин өзгөчөлүктөрүн;
- башталгыч класстарда эне тилин окутуунун стандарттык жана үлгү окуу программаларынын талаптарын;
- эне тили боюнча программа жана окуу-методикалык комплекттерин;
-окуучулардын окуу-таанып-билүү ишмердигинин мотивациясын өнүктүрүүнүн ыкмаларын жана методдорун;
- окутуунун принциптерин, методдорун жана каражаттарын, алардын мүмкүнчүлүктөрүн жана колдонуу шарттарын;
- сабактын ар түрдүү типтерин уюштуруу өзгөчөлүктөрүн;
- өнүктүрүүчү окутуунун негиздерин, окутууну жекелештирүүнү жана дифференциялоону;
-окутуунун техникалык каражаттарын сабакта колдонууну;
- окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоонун методикаларын, ыкмаларын;
-окуу иштерин документтештирүүнүн жана ага коюлган талаптарды;
-окуу системасында окуу планында сунушталган билимдерди жана өздөштүрүлгөн билимдерди практикалоону;
- кесиптик ишмердүүлүктө өз ишмердүүлүктөрүн көзөмөлдөөнү;

жасай билүүсү керек:

- сабакка даярданууга зарыл болгон методикалык адабияттарды, маалымат булактарын иүдеп табууну жана пайдаланууну;
- сабакты класстын, курактын, окучулардын өзгөчөлүгүнө карай жана санитардык-гигиеналык нормаларга коюлуучу талаптарга ылайык, сабактын максатын, милдеттерин аныктоону жана аларды пландаштырууну;
- окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун ар түрдүү формаларын, методдорун жана каражаттарын колдонууну;
- каллиграфиялык эрежелерди, кыргыз (орус) тилдеринин жазма жана оозеки кеп эрежелерин, нормаларын сактоону;
- адабий тексттерди көркөм окуй алууну;

**Киришүү**

Акыркы он жыл ичинде билим берүү мазмунунда сапаттык өзгөрүүлөр болду: окутуунун негизги максаты катары сабак берүүгө жасалып келген басым, эми окуучунун, студенттин компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга көтөрүлдү.[1] Ушундай билим берүүнүн мазмундук сапаттык өзгөрүүсүндө ар бир билим алуучу жаран окуу процессинде окуп-үйрөнүү процессине багыт алып, өзүнүн аракети менен жаңы маалыматтарга ээ болуп, ээ болгон маалыматтарын өз алдынча түшүнүүгө, колдонууга, талдоого жана баалай алууга, анын алкагында чыгармачылык менен жаңы өндүрүштү (ой корутунду, көз караштты, билимдерди) жаратууга аракеттенүүнү талап кылат. Окуп-үйрөнүү процессин окутуучу башкарып, аны уюштура билүүсү абзел. Бул процессте маалымат жетиштүү болуусу негиз болот. Эгерде маалымат билим алуучуга жеткилең, жагымдуу болбосо, ал маалымат билим алуучу тарабынан андан ары иштетилбесе, жашоосунда колдонбосо окуп-үйрөнүү процесси болбойт да, окутуу гана ишке ашып калат.

Ал эми бул окуу-усулдук комплекс орто окуу жайларда даярдалуучу башталгыч класстын мугалими адистигинде окутулуучу эне тилин окутуунун усулу дисциплинасын окуп-үйрөнүүчү студенттерге жана ошол курсту окуткан окутуучуларга багытталат. Анда студенттердин эне тилин окутуунун усулу курсун окуп-үйрөнүү процессин уюштурууга негизделген теориялык-методикалык материалдар сунушталган.

**I БӨЛҮМ**

## I. ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КОМПЛЕКСТИН ТҮЗҮМҮ

### 1.1. Дисциплинанын теориялык курсуна аннотация

«Башталгыч мектепте эне тилин окутуунун методикасы» дсциплинасынын мазмунунун талаптары Кыргыз Республикасынын ОКОЖ үчүн мамлекеттик стандартынын «Башталгыч билим берүү» боюнча мугалимдерди даярдоочу адистикте чагылдырылган.

Башталгыч мектепте эне тилин окутуунун теориялык негизи. Методиканын предмети, милдети, изилдөө методдору, эне тилин окутуунун методдору жана принциптери, XX- XXI кылымдагы Кыргызстандагы эне тилин окутуу методикасынын тарыхы.Эне тилин окутуунун стратегиясы жана тактикасы.

Сабатка үйрөтүүнүн методикасы. Сабатка үйрөтүү методикасынын илимий негиздери, окуу жана жазуунун механизмдери. Окуу жана жазууга үйрөтүүнүн алгачкы көндүмдөрү. Сабатка үйрөтүүнүн методикасы: заманбап тыбыштык анализ-синтез методу. Туура жазууга үйрөтүүнүн илимий негиздери, графика, жазуу кебинин элементтери. Сабатка үйрөтүүнүн окуу пособиялары. Сабатка үйрөтүүдөгү сабактар, алардын өзгөчөлүктөрү.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы. Тилдин теориясын окуп-үйрөнүү-бул кенже мектеп жашындагы балдардын сөзүн өстүрүүнүн каражаты. Кыргыз тилинин бөлүмдөрүнүн т.а. фонетика, лексика, сөз айкашы, грамматиканы окутуунун илимий негиздерин жана методун окуп-үйрөнүү. Тилдик түшүнүктөрдү калыптандыруу. Тилдик түшүнүктөрдү калыптандыруучу сабактарды жүргүзүү.

.Туура жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Орфографиялык машыгууга калыптандыруу методикасынын илимий –методикалык негиздери. Кенже мектеп жашындагы балдарды жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Орфографиялык көндүмдөргө калыптандыруучу көнүгүүлөрдүн системасы.Жазуу жумуштарын үйрөтүүнүн жолдору. Орфографиялык каталар менен иштөөнүн системасы.

Кенже мектеп жашындагы балдардын кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү методикасы. Окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн илимий негиздери. Сөз өстүрүүнүн методикасы, лексикалык, грамматикалык, салыштырмалуу, текстти жазуу жана оозеки айтып берүү. Окуучунун жазуу ишмердүүлүгүн уюштуруу методикасы. Окуучунун жазуу жумуштарынын жанры. Окуучунун кептеги каталарынын үстүндө иштөө методикасы.

Адабий окууга үйрөтүүнүн теориясы жана методикасы. Адабий билим берүү жана кенже мектеп жашындагы балдардын адабий билим берүүсүн өнүктүрүү. Окуу көндүмдөрүн калыптандыруу(туура,шар,сезимдүү,көркөм)–окуучунун окуу ишмердүүлүгүн жогорулатуунун каражаты. Көркөм чыгарманын жанрын окутуунун илимий негиздери. Илимий таанып-билүүчү тексттер менен иштөө. Адабий окуу сабагы.

Китеп-окуу материалынын түрүн үйрөтүүчү каражат. Кенже мектеп жашындагы балдардын окурмандыгын калыптандыруунун мыйзам ченемдүүлүгү. Адабий окуунун системасында заманбап балдар адабиятынын үлгүлөрү менен иштөө.Ал эми практикалык

сабактарда теориялык билимдеринин негизинде сабактын түрдүү формаларын, фрагменттерин, көрсөтмө куралдарын даярдап, грамматикалык талдоолордун түрлөрүнө машыгышат. Лекциялык жана практикалык сабактардан алган билимдерин тереңдетүү, өз алдынча иштерин өркүндөтүү максатында ар түрдүү формаларда кошумча өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар аткарылат.

Өз алдынча иш үчүн тапшырмалардын темалары, аткаруу формасы, жадыбалы сунушталат.

**Дисциплинанын максаты:** Эне тилин окутуунун методикасы дисциплинасынын теориялык курсунда кенже мектеп жашындагы балдардын сабатын ачуу, окуу жана жазууга үйрөтүүнүн, окуу көндүмдөрүнө, кеп ишмердүүлүктөрүнө ээ кылуунун теориялык, методикалык билимдерин студенттерде калыптандыруу жана башталгыч билим берүүнүн негизги теориялык мазмуну, методикасы, структурасы билимдерин уюштуруу ыкмаларынын формаларын өздөштүрүүгө багытталып, ушул жагдайда студенттин билимин өркүндөтөт.

**Дисциплинанын милдеттери:**

- студенттерди кенже мектеп курагындагы балдарды окууга жана жазууга үйрөтүүнүн методикасына ээ кылуу;
- студенттерге кенже мектеп окуучусунун көңүл буруусун, элестетүүсүн, ой жүгүртүүсүн, эске тутумун, таанып билүү ишмердүүлүгүн, өз күчүнө ишенимин өнүктүрүүчү ыкмаларды үйрөтүү;
- студенттерге кенже мектеп жашындагы окуучуларды эне тилинде сабаттуу окуу, жазууга үйрөтүүчү окуу-усулдук ык-машыгууларга ээ кылуу;
- студенттерде тиешелүү жалпы билим берүүчү жана кесиптик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу;
- маалымат топтоо жана талдоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;
- студенттерди коомду өнүктүрүүгө активдүү катышкан, жашоодогу көйгөйлөрдү чечүүгө даяр демилгелүүлүгүн мотивациялоо.

**Дисциплинанын КББНПдагы орду**

Эне тилин окутуунун методикасы дисциплинасы кесиптик билим берүүнүн негизги программасынын кесиптик циклинин, базалык бөлүгүнүн составына кирет. Бул дисциплина мугалимдерди даярдоодо педагогикалык багытта негизги предмет болуп эсептелет. Дисциплина менен канаатташ методикалык багыттагы бир нече предметтер окутулат: окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу, көрсөтмө куралдарды даярдоо. Бул предметтен алынган билимдер, билгичтиктер, жана көндүмдөр болочок башталгыч класстын мугалимдеринин атайын компетенттүүлүгүнө айлануу менен замандын талабына ылайык адисти даярдоо негизги мааниге ээ.

**Мазмуну жана негизги бөлүмдөр**

Эне тилин окутуунун методикасы илимий-методикалык жактан калыптанып, башталгыч класстарда сабатка үйрөтүү системасы, туура жазууга үйрөтүү, адабий окуу жана башталгыч класстарда кыргыз тилинин грамматикасын окутуу бөлүмдөрүнөн туруп, бир бүтүн курс катары окутулат. Эне тилин окутуунун методикасы психология, курактык психология, адабиятты окутуунун теориясы, балдар адабияты, кыргыз тилинин грамматикасы илимдери менен тыгыз байланышта өнүгөт. Ошондой эле окутуунун учурдагы технологиялары менен андан ары кеңейтилет. Анда окутууну уюштуруунун формалары, сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы, баалоо жана өнүктүрүү жолдору окутуунун методдору (оозеки, көрсөтмөлүү, практикалык) менен практикаланат.

# II БӨЛҮМ
# ДИСЦИПЛИНАНЫН МАЗМУНУ

## 2.1. Дисциплинанын программасы

Дисциплинанын программасы – КОББ МББСнын[3] негизде түзүлүп, «Экономика жана педагогика» бөлүмүнүн август айындагы кеңешмесинде жана директор тарабынан бекитилип колдонууга сунуш кылынган жумушчу программанын негизи камтылган. Дисциплинанын программасы окуу планында көрсөтүлгөн сааттык бөлүштүрүүнүн алкагында сабатка үйрөтүүнүн методикасы, туура жазууга үйрөтүүнүн методикасы, адабий окуунун методикасы жана кыргыз тилинин грамматикасын окутуунун методикасы курстарын өзүнө камтыйт.

### 2.1.1. Сабатка үйрөтүүнүн методикасы.

#### 2.1.1.1. Лекциялык сабактардын программасы

| Лекциялык сабактардын темасы | Саат | Лекцияда талкуулоочу Суроосу |
|---|---|---|
| 1. Башталгыч класстарда эне тилин окутуунун предмети, максаты,мазмуну. | 2 | 1. ЭТОМдун предмети, максаты жана мааниси.<br>2. Сабатка үйрөтүүнүн илимий негиздери<br>3. Сабатка үйрөтүүнүн психо-физиологиялык мүнөздөмөсү<br>4. Сабатка үйрөтүүнүн тарбиялык мааниси |
| 2. Сабатка үйрөтүүдөгү методдордун тарыхый мүнөздөмөсү | 2 | 1. Сабатка үйрөтүүнүн методдорунун жалпы мүнөздөмөсү<br>2. Анализ-синтез методунун өзгөчөлүгү |
| 3. Сабатка үйрөтүү методикасы (даярдоо мезгили) | 2 | 1. Сабатка үйрөтүүдөгү даярдыктар.<br>2. Фонетикалык жана грамматикалык материалдар жана кеп, сүйлөм менен иштөө. |
| 4. Сабатка үйрөтүүнүн методикасы (Алиппе мезгили, алиппеден кийинки мезгил) | 2 | 1. Алиппе мезгилинде аткарылуучу жумуштар<br>2. Алиппе мезгилинде иоттошкон тамгаларды үйрөтүү .<br>3. Алиппеден кийинки мезгилдеги жумуштар. |
| 5.Сабатка үйрөтүү мезгилинде колдонулуучу методдор жана оюн технологиялары. | 2 | 1) Сабатка үйрөтүү мезгилинде колдонулуучу окутуунун методдоруна жалпы мүнөздөмө<br>2) Сабатка үйрөтүү мезгилинде колдонулуучу окутуунун методдорунун классификациясы |

[3] кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты;

| | | |
|---|---|---|
| 6. Сабатка үйрөтүүдөгү кеп өстүрүү жумуштары. | 2 | 1. Сабатка үйрөтүүдөгү окуучунун кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн булактары<br>3. Жазуу кебин өстүрүүчү көнүгүүлөр<br>4. Оозеки кебин өстүрүүчү көнүгүүлөр |
| 7. Сабатка үйрөтүү мезгилиндеги көрсөтмөлүүлүк. Алиппе китебинин түзүлүш системасы. | 2 | 1.Сабатка үйрөтүү мезгилиндеги көрсөтмөлүүлүктүн мааниси жана көрсөтмө куралдын түрлөрү.<br>2.Алиппе китебинин түзүлүш системасы.<br>3. Алиппе китебин түзүүчүлөр. |
| 8.Эне тилин окутуудагы активдүү окутуу технологиялары. | 2 | 1.Алиппени окутуунун методдоруна мүнөздөмө.<br>2.Активдүү окутуу технологияларын сабакта пайдалануу. |
| 9. Байланыштуу кепти өстүрүүнүн методикасы. | 2 | 1. Байланыштуу кепти өстрүүнүн мааниси.<br>2. Башталгыч класстарда өткөрүлүүчү баяндаманын түрлөрү.<br>3.Дилбаяндын тематикасы жана көлөмү. |
| 10.Жазууга үйрөтүүнүн принциптери.Жазуу куралдарын пайдалануу.Жазууга үйрөтүү методдору. | 2 | 1.Жазууга үйрөтүүнүн принциптери.<br>2. Жазуу куралдары жана аларды пайдалануу эрежелери.<br>3 Дептерге коюлуучу талаптар.<br>4.Жазууга үйрөтүү методдору. |
| | | |
| 11.Жазуунун техникасына үйрөтүү. | 2 | 1.Жазууга үйрөтүү көнүгүүлөрү.<br>2.Тамгаларды элементтери боюнча жазуу.<br>3. Тамгаларды бирдей бийиктикте жана аралыкта жазуу.<br>4.Жазуунун гигиенасы. |
| Жалпы бөлүм боюнча | 22 | |

**2.1.1.2. Практикалык сабактардын программасы**

| Практикалык сабактардын темасы | сааты | Тапшырма |
|---|---|---|
| 1. Башталгыч класстарда эне тилин окутуудагы мамлекеттик стандарты, окуу планы, окуу программасы | 2 | 1) Мамлекеттик стандарттын мазмуну менен таанышуу<br>2) Башталгыч калсстардын программаларынын түзүлүшүн талдоо (Эне тили боюнча)<br>3) Мамлекттик стандарт менен башталгыч класстардын программасынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын салыштыруу |
| 2. Сабат ачууну жылдык пландаштыруу | 2 | 1) “Мугалимдин сабакка даярдыгы” текстти “эки бөлүктүү күндөлүктүн” негизинде талдоо<br>2) Окуу программаны, окуу китептерин пайдаланып 1-класска “Алиппе” сабагынан КТП түзүү |

| | | |
|---|---|---|
| 3. Даярдоо жана алиппе мезгилинде жүргүзүлүүчү жумуштар | 2 | 1) Даярдоо мезгилинде жүргүзүлүүчү жумуштарды тизмектеп жазуу, талдоо<br>2) Алиппе мезгилинде жүргүзүлүүчү жумуштарды атоо, талдоо<br>3) Даярдоо жана алиппе мезгилинде жүргүзүлүүчү жумуштарды бири-бири менен салыштыруу, презентациялоо |
| 4. Сабатка үйрөтүүдө окуу көндүмдөрүн калыптандыруу. | 2 | 1)Сабактын негизги этаптарын анализдөө (И.Бекбоев) таблицасын талдоо<br>2) "Алиппе" сабагы боюнча методикалык иштелмесин жогорку таблица менен салыштыруу |
| 5. Сабатка үйрөтүү сабактарында сабактын максаттарын окуучулардын окуп - үйрөнүүсүнө карай түзүү | 2 | 1. "Максатты кантип коюу керек?" тексттин окуу жана талдоо<br>2. Даярдоо мезгилинде берилген темалар боюнча сабактын максатын коюу<br>3. ТМдан окуп үйрөнүү максатына айландыруу |
| 6.Сабат ачуу мезгилинде сабактарды пландоо (даярдоо мезгили, алиппе мезгили) | 2 | 1. Теманы бөлүктөргө бөлүү (үлгүнүн негизинде)<br>2. Бөлүнгөн бөлүктөргө окутуунун методун, каражатын тандоо |
| 7. Сабатка үйрөтүүдө жүргүзүлүүчү оюндун элементтери | 2 | 1. Кыймылдуу жана жарым кыймылдуу оюндарды презентациялоо<br>2. Темага ылайык тыныктыруучу жана ар түрдүү оюндарды пландоо<br>3. Дидактикалык оюндарды өткөрүүнүн алгоритми. |
| 8.Сабатка үйрөтүү мезгилиндеги көрсөтмөлүүлүк, окуу каражаттарын тандоо. | 2 | 1.Көрсөтмөлүүлүктүн мааниси, талаптары.<br>2.Көрсөтмө куралдын түрлөрү:кесме тамгалар, сүрөт, буклет, набордук полотно, таблица ж.б.<br>3.Окуу каражаттарынын берилген тизмесинен маанилүү, орто маанилүү, маанилүү эмес деңгээлдерин аныктоо<br>4. Берилген темаларга көрсөтмө куралдардын тизмегин түзүү |
| 9.Сабатка үйрөтүү мезгилинде окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруу.Активдүү окутуу технологиялары. | 2 | 1.Активдүү окутуунун технологиялары<br>2. Жеке, жупта, топто иштөө жана класстын динамикасы<br>3. Сабактын башталышын уюштуруу жана сабак аягында кайтарым байланыш жүргүзүү |
| 10.Алиппе окуулугун талдоо. | 2 | 1.Алиппе окуу китебин түзүүчүлөр.<br>2.Окуу китептердин айырмачылыгы.<br>3.Азыркы окуу китеби менен иштөө өзгөчөлүгү |
| 11.Жазууга үйрөтүү көнүгүүлөрү.Жазууга үйрөтүү методдору. | 2 | 1.Жазууга карата колду машыктыруучу көнүгүүлөр.<br>2.Жазууга үйрөтүү методдору:сызыктуу, тактылык, генетикалык, нускасын түшүрүү |
| 12.Овалдуу жана жарым овалдуу тамгаларды жазуу. | 2 | 1. Овалдуу тамгалардын топторун жазуу.Жазууга даярдыктар.<br>2. Жарым овалдуу тамгаларды жазуу |
| 13.Тамгаларды элементтери | 2 | 1.Эки жана бир сызыктуу дептерге жазуу |